« Бекитемин »
А.И.Сурантаев атындагы
Кемин № 2 орто
мектебинин директору
Жапарова К.М.

**А.И.СУРАНЕТАЕВ атындагы Кемин№2 орто мектебинин педагогикалык жааматынын окуучуларга эмгекти коргоо жана коопсуздук техникаларынын эрежелери колдонуу боюнча инструктажы.**

1. Окуучулардын жана балдардын ден соолугун, өмүрүн сактоодо сабак өтүү мезгилинде, экскурсияда, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдү эмгектерде, группалардын узартылган окуусунда жана башка иштерге коопсуздук техникасынын эрежелеринин аткарылышы тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

2. Коопсуздук техникасынын бул же тигил эрежесин билбей туруп ал курал менен иштөөгө тыюу салынат.Ар бир куралдын өзгөчөлүгүн, жергиликтүү шартын эске алып, ар кандай куралдар менен иштөө эрежесин түзүп аны мектептин директору жана профсоюз уюму бекиткенден кийин сабак өтүүчү класстын көрүнүктүү жерине айнектеп, илип коюу керек.

3. Окуу-тарбия процессинде коопсуздук шартын түзүп берүү:окуу планы боюнча жүргүзүлгөн сабактарда коопсуздук журналга толтурат.Класстан жана мектептен тышкары учурда өрт коопсуздугунун эрежелерин, жолдо жүрүү, көчөдөгү тартип, сууда сүзүү жана ушу сыяктууларга коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүп атайын журналга кол койдуруп алат.

4. Мектепте баардык окуучуларга өрттөн сактануу эрежесин сактоода, жол кыймылында, көчөдө, сууда жана башка жерлерде балдардын өздөрү биринчи иретте коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү экендиги жөнүндө окуучуларды тарбиялайт.

5. Эгерде иштеп жаткан техникалык каражатта кандайдыр бир туура иштебеген участок болсо, биринчи ирээтте ток булагынан ажыратып, андан кийин гана оңдоого уруксат берилет.

6. Кээ бир техникалык каражатты колдонууда, ошол курал жайланышкан жерде розетка жок болгондугуна байланыштуу узун зымга туташтырылган розетканы колдонууга туура келет. Мындай учурда электр зымына окуучулар чалынып албагандай кылып жайланыштыруу керек.

7. Проектор иштеп жаткан учурда аны кароосуз калтырууга болбойт. Бул учурда ар кандай кокустук болушу мумкун.